# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2021-жылдын 4-октябры № 148*

## Бишкек шаарында жер пайдалануу маселелери жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Борбордун статусу жөнүндө" Мыйзамынын 28-беренесине ылайык, Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна укуктарды берүү боюнча комиссиялардын иш-аракеттерин оптималдаштыруу максатында, Бишкек шаарынын биринчи вице-мэри М.Ш.Сазыкуловдун, вице-мэрлери Т.С.Орозовдун, Л.С.Узаковдун Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкек шаарында жер пайдалануу маселелери жөнүндө" токтомунун долбооруна карата 2021-жылдын 1-октябрындагы № ТО 06-10/1193 маалым катын эске алып,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. Бишкек шаарынын администрациялык райондорунун башчыларына Бишкек шаарынын мэриясынын комиссияларынын жетекчилиги боюнча Бишкек шаарында жер участокторуна ижара укуктарын берүү жана жеңилдетилген типтеги объекттер үчүн Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна ижара укуктарын берүү боюнча ыйгарым укуктар берилсин.

2. Төмөндөгүлөр бекитилсин:

- Бишкек шаарында жер участокторуна ижара укуктарын берүү жана ижара келишимин жаңы мөөнөткө түзүү маселелерин кароо боюнча комиссиянын курамы 1-тиркемеге ылайык;

- жеңилдетилген типтеги объекттер үчүн Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна ижара укуктарын берүү боюнча комиссиянын курамы 2-тиркемеге ылайык;

- жеке турак жай курулушу үчүн Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна менчик укуктарын берүү боюнча комиссиянын курамы 3-тиркемеге ылайык.

3. Төмөндөгүлөр белгиленсин:

- комиссиялардын жыйынынын күн тартиби Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын (мындан ары Башкармалык) тийиштүү бөлүмдөрү тарабынан түзүлөт жана Башкармалыктын начальнигинин орун басарлары тарабынан бекитилет;

- шаар куруу корутундусу комиссиялардын кароосуна Бишкек шаарынын башкы архитекторунун кол тамгасы менен киргизилет;

- ыйгарым укуктуу органдардын жетекчилери комиссиялардын кароосуна документтерди берүү үчүн жоопкерчилик тартышат;

- жеке жоопкерчилик төмөндөгүлөргө жүктөлөт:

комиссиялардын кароосуна киргизиле турган материалдардын аныктыгы жана аларды комиссиялардын мүчөлөрүнө өз убагында жөнөтүү үчүн - комиссиялардын катчыларына;

комиссиялардын иш-аракетин уюштуруучулук камсыздоо боюнча жалпы жетекчилик үчүн - Башкармалыктын начальнигине.

4. Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын начальниги ушул токтомдун 3-пункту менен белгиленген талаптардын сакталышын тийиштүү багытты жетектеген бөлүмдөрдүн начальниктерине милдеттерди жана жоопкерчиликти жүктөө менен камсыздасын.

5. Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 21-апрелиндеги № 89-б буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын санариптештирүү жана транспорт маселелери боюнча вице-мэрине жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Джунушалиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын

2021-жылдын 4-октябрындагы
№ 148 токтомуна
1-тиркеме

## Бишкек шаарында жер участокторуна ижара укуктарын берүү жана ижара келишимин жаңы мөөнөткө түзүү маселелерин кароо боюнча комиссиянын КУРАМЫ

Берилип жаткан жер участогу жайгашкан аймактагы Бишкек шаарынын административдик районунун башчысы, комиссиянын төрагасы;

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын начальниги, комиссиянын төрагасынын орун басары;

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын начальнигинин жер маселелер боюнча орун басары, комиссиянын катчысы (добуш берүү укугусуз).

Комиссиянын мүчөлөрү:

Бишкек шаарынын мэриясынын Шаар куруу жана архитектура департаментинин директору;

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер пайдалануу жана курулуш башкармалыгынын начальниги;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Бишкек филиалынын директору (макулдашуу боюнча);

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин "Бишкекбашкыархитектура" мамлекеттик мекемесинин начальниги;

Бишкек шаарынын архитектуралык-курулуш көзөмөлү боюнча шаардык башкармалыгынын начальниги;

коомчулуктун, коммерциялык эмес уюмдун өкүлү (макулдашуу боюнча).

Эскертүү. Бишкек шаарынын административдик районунун башчыларынан тышкары тийиштүү уюмдардын жетекчилери комиссиянын жыйындарына уюмдардын жетекчилеринин орун басарларынын катышуусуна белгиленген тартипте ыйгарым укуктарды берүүгө укуктуу.

**Вице-мэр** **Т.Орозов**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2021-жылдын 4-октябрындагы
№ 148 токтомуна
2-тиркеме

## Жеңилдетилген типтеги объекттер үчүн Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна ижара укуктарын берүү боюнча комиссиянын КУРАМЫ

Берилип жаткан жер участогу жайгашкан аймактагы Бишкек шаарынын административдик районунун башчысы, комиссиянын төрагасы;

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын начальниги, комиссиянын төрагасынын орун басары;

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын начальнигинин жер маселелер боюнча орун басары, комиссиянын катчысы (добуш берүү укугусуз).

Комиссиянын мүчөлөрү:

Бишкек шаарынын мэриясынын Шаар куруу жана архитектура департаментинин директору;

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер пайдалануу жана курулуш башкармалыгынын начальниги;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Бишкек филиалынын директору (макулдашуу боюнча);

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин "Бишкекбашкыархитектура" мамлекеттик мекемесинин начальниги;

Бишкек шаарынын архитектуралык-курулуш көзөмөлү боюнча шаардык башкармалыгынын начальниги;

коомчулуктун, коммерциялык эмес уюмдун өкүлү (макулдашуу боюнча).

Эскертүү. Бишкек шаарынын административдик районунун башчыларынан тышкары тийиштүү уюмдардын жетекчилери комиссиянын жыйындарына уюмдардын жетекчилеринин орун басарларынын катышуусуна белгиленген тартипте ыйгарым укуктарды берүүгө укуктуу.

**Вице-мэр** **Т.Орозов**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2021-жылдын 4-октябрындагы
№ 148 токтомуна
3-тиркеме

## Жеке турак жай курулушу үчүн Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна менчик укуктарын берүү боюнча комиссиянын КУРАМЫ

Бишкек шаарынын санариптештирүү жана транспорт маселелери боюнча вице-мэри, комиссиянын төрагасы;

Берилип жаткан жер участогу жайгашкан аймактагы Бишкек шаарынын административдик районунун башчысы, комиссиянын төрагасынын орун басары;

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын начальнигинин жер маселелер боюнча орун басары, комиссиянын катчысы (добуш берүү укугусуз).

Комиссиянын мүчөлөрү:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Бишкек филиалынын директору (макулдашуу боюнча);

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин "Бишкекбашкыархитектура" мамлекеттик мекемесинин начальниги (макулдашуу боюнча);

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын начальниги;

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер пайдалануу жана курулуш башкармалыгынын начальниги;

коомчулуктун, коммерциялык эмес уюмдун өкүлү (макулдашуу боюнча);

Бишкек шаарынын архитектуралык-курулуш көзөмөлү боюнча шаардык башкармалыгынын начальниги;

Кеңешмелик добуш берүү укугу менен:

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын юридикалык бөлүмүнүн начальниги;

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер пайдалануу жана курулуш башкармалыгынын юридикалык бөлүмүнүн начальниги.

Эскертүү. Тийиштүү уюмдардын жетекчилери комиссиянын жыйындарына уюмдардын жетекчилеринин орун басарларынын катышуусуна белгиленген тартипте ыйгарым укуктарды берүүгө укуктуу.

**Вице-мэр** **Т.Орозов**